**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистиги: 111401 -“ Зоотехния ”**

**Квалификация: Зоотехник**

**Бишкек 2022**

## 1- бөлүм. Жалпы жоболор

**1.** Учурдагы **11140 -“Зоотехния”** адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары Мамлекеттик билим берүү стандарты) Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

**2.** Учурдагы Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** – максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **сабактардын цикли –** окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысыү;
- **модул –** окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- **компетенциялар –** тийиштүү тармакта кесиптик иш менен алектенүү үчүн зарыл болгон жекече сапаттардын, билимдердин, ыктардын жана көндүмдөрдүн динамикалуу комбинациясы;
- **кредит (зачеттук бирдик)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;
- **окутуунун натыйжалары -** негизги билим берүү программасы/модулу аркылуу окутуунун жыйынтыгында алынган компетенциялар;
- **Кесиптик стандарт** – ишмердүүлүгүнүн түрүнөн көз каранды болбогон, ар кандай уюмдун штатында ээлеген ордуна карата укугуна ылайык, кызматкердин квалификациясынын деңгээлинин сапатын сүрөттөгөн жана анын мазмуну жана сапатына карата айкындалган кесиптик ишмердүүлүк түрүнүн талаптарынын алкагында аныкталган негизги ченемдик документ.

Учурдагы Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашыруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдары үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2- бөлүм. Колдонуу жааты

**3.** Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты **111401-"Зоотехния"** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы жана аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык докуметтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

**4. 111401-" Зоотехния"** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жоопту студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын көзөмөлдөөчү билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары;

## 3 - бөлүм. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

**5. 111401- "Зоотехния"** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- күндүзгү-сырттан (кечки);
- сырттан окуу;

**6.** Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем болбошу шарт. Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги

жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

**7.** Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

**8.** Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

**9.** Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында, өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Башка адистиктер боюнча орто кесиптик билим алуу учурунда өзүнчө сабактар (модулдар) жана (же) өзүнчө өздөштүрүлгөн (өткөн) практикалар боюнча толук жана тандалган кайра тапшыруусунун жыйынтыктары менен кайра тапшыруу жыйынтыктары боюнча орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырган билим берүү уюму.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

**10.** Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45тен кем эмес кредитти (зачеттук бирдик) түзөт.

**11.** Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында **111401- "Зоотехния"** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

**111401- "Зоотехния"** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу

жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат: кесиптик компетенттүүлүк сактоо менен талаптарга ылайык кызыктар тарап – иш берүүчүлөр менен ийгиликтүү иштешүү, эмгек рыногундагы атаандашуу. Мал чарбачылыгы жана мал чарбасын өстүрүү өндүрүшү, базар экономикасынын шартында ылайык чарбалар жана айыл чарбасындагы механизациясын өнүктүрүү жолу кесиптик компетенцияга ээ болгон квалификациялуу орто звенодогу адисти даярдоо.

Жеке инсанды тарбиялоо жаатында **111401 – «Зоотехния»** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты студенттерди төмөнкүлөргө калыптандыруу болуп саналат:

- максаттуулук жана уюшкандык;
- тырышчаактык жана жоопкерчилик;
- жарандык, баарлашуу жана толеранттуулук;
- жалпы маданиятты жогорулатуу.

**12. 111401 – «Зоотехния»** адистиктин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин тармагы төмөнкүлөрдү камтыйт:

-айыл чарба жаныбарларын багууда жана асылдандыруу боюнча иштер жана уюштуруу

-Айыл чарба ишканаларындагы мал чарба азыктарын сатуу жана кайра иштетүү өндүрүшү

**13**. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин обьектилери болуп төмөнкүлөр саналат (көрсөтүлөт):

- айыл чарба жаныбарлары , алардын чөйрөсү ;
- тоют камдоо жана кармоо шарттары ; , мал чарбачылыгындагы эмгек каражаттары, эмгек аспаптары, жабдуулар, машиналар , механизмдер

**14.** Бүтүрүүчү даярдалып жаткан кесиптик иштин түрлөрү:

Өндүрүштүк - технологиялык.

Уюштуруучулук - башкаруучулук.

Башкаруучулук - чарбачылык

**15.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин милдеттери. Бүтүрүүчү даярдалышы керек болгон кесиптик иш милдеттеринин тизмеси:

**Өндүрүштүк жана технологиялык:**

-айыл чарба жаныбарларын багуу, көбөйтүү, тоюттандыруу;

-мал чарба азыктарын сатуу жана ташуу,мал чарба азыктарын алгачкы кайра иштетүү өндүрүшү;

**Уюштуруучулук жана башкаруучулук:**

-мал чарба өндүрүшү боюнча катышуу жана башкаруу иштерине катышуу;

-мал чарбачылыгына кызмат көрсөтүү ишмердүүлүгү жана башкаруу иштерине катышуу;

**Башкаруучулук – чарбачылык:**

-кызмат көрсөтүүдөн же аткарылган иштерден, товар сатуудан, мүлктөрдү пайдалануудан түшкөн системалуу киреше табуу

**16. 111401 – «Зоотехния»** орто кесиптик билим берүү адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү даярдалат:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу;
- тездетилген программалар боюнча тиешелүү профилдеги жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу: 610400 "Зоотехния"

## 4 - бөлүм. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу шартындагы жалпы талаптар

**17.** Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруууучу билим беруу уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы адистик боюнча тиешелүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, улуттук квалификациялык базанын, тармактык/сектордук квалификациялык алкактардын жана кесиптик стандарттардын (эгерде бар болсо) негизинде түзүлөт.

Кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен 5 жылда бир жолудан кем эмес жаңыртууга милдеттүү. билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча сунуштарды камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдүн даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуудан;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен резенциялоо мониторинг жүргүзүү;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтикеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуудан, аларды колдонуунун натыйжалуулугун контролдоодон, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер бонча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүү;

- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоодон.

**18.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы зарыл.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрде учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (сынактык баалар) коюлат.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

**19.** Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өз алдынча башкарууну, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студеттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

**20.** Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактардын ар бир циклинин вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө сабактарды камтуусу керек.

Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

**21**. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

**22**. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

**23**. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

**24.** Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

**25**. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү аудиториялык жана класстан тышкаркы (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрлөрүн кошкондо, жумасына 45 саат өлчөмүндө белгиленет.

Күндүзгү окуу формасы үчүн жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу дисциплинасын окууга бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35% векеминде Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан аныкталат.

Окуу сабактары боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модуль) боюнча сынакка даярдануу үчүн каралган убакыт кирет.

**26.** Күндүзгү – сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

**27**. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүндүгү студентке жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

**28**. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5 - бөлүм. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

**29. 111401-“Зоотехния”** адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 15 пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы компетенциялар (ЖК):**

**ЖК1.** Өз ишмердүүлүгүн уюштуруу, адистик маселелерди аткаруу ыкмаларын жана усулдарын тандоо, алардын сапатын баалоо;

**ЖК2.** Көйгөйлөрдү чечүү, ар кандай кырдаалдарда тез чечим кабыл алуу, демилге көтөрүү жана жоопкердик;

**ЖК3.** Кесиптик жана инсандык өнүгүү, адистик маселелердин сапаттуу аткаруу үчүн талап кылынган маалыматтарды колдонуу жана интерпретациялоо, изденүү;

**ЖК4.** Кесиптик ишмердүүлүктө маалымат-байланыш технологиясын колдонуу;

**ЖК5**. Жамаатта иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик жана кардарлар менен эффективдүү сүйлөшө билүү;

**ЖК6.** Команданын мүчөлөрүнүн жумуштары, аларды иш ордунда окутулуусу, берилген жумуштардын аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчиликти алуу;

**ЖК7**. Өзүн инсан катары жана адистик жактан өнүктүрүүсүн башкаруу, кесиптик ишмердүүлүгүндө жумуштун жана технологиянын өзгөрүү шартына көнө билүү;

**ЖК8**. Чакан жамаат менен башкаруу-уюштуруу иштерине даяр туруу.

**б)** Кесиптик иштин негизги түрлөрүнө ылайык келген **кесиптик компетенцияларга** ээ болушу керек:

**Өндүрүштүк-технологиялык:**

**КК1.** Мал кармоонун режимин сактоо жана тандоо, тоюттандыруу рационун түзүү;

**КК2.** Тоютту рационалдуу колдонуу,чөп чабуу, жайыт жана азыктандыруучу жерлер.

**КК3.** Үйүрлөрдүн көбөйүшү боюнча иш чараларын өткөрүү, айыл чарба ишканасындагы айыл чарба жаныбарларынын жаш өсүшүнүн өндүрүмдүүлүгүн көбөйтүү.

**КК4.** Айыл чарба жаныбарлардын инвазиондук жана инфекциялык, жугуштуу эмес ооруларды санитардык алдын алуу иштерин уюштуруу жана жүргүзүү

**КК5.** Айыл чарба жаныбарына биринчи жардам көрсөтүү

**КК6.** Айыл чарба азыктарын алгачкы кайра иштетүүдө өндүрүштүн эффективдүү жолдорун тандоо жана колдонуу

**КК7**. Мал чарбачылыгындагы өндүрүштүк көрсөткүчтөр, саандын көлөмүн жана малдын салмагын көбөйтүү иш чараларын иштеп чыгуу.

**КК8.** Мал чарбачылыгынын даяр продукцияларынын жарымфабрикаттардын, материалдардын, сырьялардын санын жана сапатын көзөмөлдөөдө жана баалоодо ар түрдүү методдорду колдонуу жана тандоо.

**КК9**. Мал чарба продукциясын сактоо мезгилиндеги абалын көзөмөлдөө.

**КК10.**Мал чарба продукциясын сатууга даярдоо жана транспортировкага даярдоо жүргүзүү

**Уюштуруучулук – башкаруучулук:**

**КК11.** Азык түлүк продукцияларынын негизги көрсөткүчтөрүн пландоого катышуу жана структуралык бөлүмдөрдүн ишкана тармактарында кесиптик ишмердүүлүктө кызмат көрсөтүү;

**КК12**. Аткарылган иштердин жана жыйынтыктардын жүрүшү боюнча баалоону жана көзөмөлдөөнү ишке ашыруу жана структуралык бөлүмдөрдүн ишкана тармактарында кесиптик ишмердүүлүктө кызмат көрсөтүү

**КК13.**Структуралык бөлүмдөрдүн ишкана тармактарында бекитилген отчет-учет документтерин жүргүзүү;

**Админстративдик- чарбалык ишмердүүлүк:**

**КК14**. Өндүрүш чарбасында , айыл чарба азыктарын кайра иштетүүдө жана сактоодо башкаруу жана аткаруу функцияларын ишке ашыруу ;

**КК15**. Өндүрүш участокторунда жумуш башкаруу;

**КК16**.Ишкананын материалдык техникалык базасын бекемдөөгө катышуу;

**30**. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү карайт:

1-блок “Сабактар (модулдар)”

1) жалпы гуманитардык цикл;

2) математикалык жана табигый илимий цикл;

3 ) кесиптик цикл;

4) Дене тарбия;

2-блок “Практика”

3-блок “Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация”;

Кесиптик орто билим берүү мекемеси мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациялык базага ылайык окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн жоопкерчилик тартат.

Негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналардын (модулдардын) комплекси жана алардын эмгек сыйымдуулугу орто кесиптик билим берүү мекемеси аны өнүктүрүүнүн натыйжаларына карата талаптарды эске алуу менен блок үчүн белгиленген

көлөмдө улуттук квалификациялык базада каралган окутуунун натыйжаларынын комплексинин формасы өз алдынча аныктайт,.

Негизги кесиптик билим берүү программасы тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталуучу жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын аткарылышын камсыз кылууга тийиш. Бул сабактардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби тиешелүү адистик боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленет.

**31.** Сабактардын ар бир циклинин негизги (милдеттүү) жана тандоо бөлүктөрү бар. Тандоо бөлүгү студенттердин билимин, көндүмдөрүн жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө же тереңдетүүгө, базалык бөлүктүн дисциплиналарынын мазмуну менен аныкталган мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга тийиш. Тандоо бөлүгү ишке ашырылып жаткан кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша орто кесиптик билим берүү мекемеси тарабынан белгиленет.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмү мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эсепке албаганда, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан ашпоого тийиш.

Орто кесиптик билим берүү мекемеси ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын каалоосу боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө жана зарыл болгон учурда өнүгүүсүнүн бузулууларын коррекциялоону жана социалдык бул адамдардын адаптацияланышы.

**32.** Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууну окутулуп жаткан дисциплинанын профилине ылайык келген базалык билими бар, илимий жана (же) илимий-методикалык ишмердүүлүк менен системалуу түрдө алектенген профессордук-окутуучулук курам камсыз кылууга тийиш.

Кесиптик циклдин педагогдору тиешелүү адистик же окуу багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болууга тийиш.

Профессионалдык циклдин мугалимдеринин сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык стажы бар өндүрүштүк кызматкерлер эске алынат.

**33.** Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу ар бир студенттин негизги кесиптик билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча түзүлгөн маалымат базаларына жана китепканалык фонддорго жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Кесиптик орто билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу программасы лабораториялык семинарларды жана практикалык көнүгүүлөрдү камтууга тийиш.

Студенттерди негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияттары жана/же электрондук адабияттар менен камсыз кылуу стандартка ылайык келиши керек - бир студентке 0,5 нуска. Билим берүү маалымат булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек. Окуу процессинде мыйзам актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыттагы мезгилдүү басылмалардын материалдары колдонулушу керек.

**34.** Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган студенттерди лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, практикалык даярдоонун бардык түрлөрүн камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болууга тийиш. колдонуудагы санитардык жана өрт коопсуздугунун эрежелерине жана ченемдерине ылайык келген кесиптик билим берүү программалары. Эки сменалык сабактарды эсепке алуу менен бир окуучуга пайдалуу аянт 7 чарчы метрден кем эмес болушу керек. м.

**Кабинеттердин, лабораториялардын, устаканалардын жана башка имараттардын**
**ҮЛГҮЛҮҮ ТИЗМЕСИ**

**<u>а) жалпы билим берүү циклин ишке ашыруу үчүн окуу кабинеттер:</u>**

- Кыргыз тили жана адабияты (окуу маалымат дубалы, көрсөтмө куралдар, сөздүк);
- Орус тили жана адабияты (окуу маалыматтык стенд, көрсөтмө куралдар, сөздүк);
- Чет тили (лингофондук жабдуу, окуу маалыматтык стенд, көрсөтмө куралдар, сөздүк, интернетке чыгуу менен өздүк компьютер(1:1));
- Математика (жалпы көрсөтүлүүчү техникалык жабдуу, окуу маалыматтык стенд, интерактивдик көрсөтмө);
- Кыргызстан тарыхы (көрсөтмө куралдар);
- Манас таануу сабагы (көрсөтмө куралдар, “Манастын” бардык томдору, иллюстрациялар);
- Социалдык-экономикалык сабактар (көрсөтмө куралдар);
- Информатика(компьютердик жана мультимедийлик интернети менен жабдуулар (1:1), принтер, сканер, кулакка салып уккучтар);
- Тарых (көрсөтмө куралдар);
- Физикалык жана экономикалык география жана экология (көрсөтмө куралдар, дүйнөлүк жана Кыргыз Республикасынын картасы);
- Физика (көрсөтмө куралдар, приборлор);
- Химия (көрсөтмө куралдар, приборлор);

- Баштапкы аскердик даярдык (көрсөтмө куралдар);

**б) кесиптик циклды ишке ашыруу үчүн окуу кабинеттер:**

- Зоология, физиология жана анатомия;
- Гидробиология, гидрофизика жана гидрохимия ;
- Экономика тармактары жана менеджмент (окуу маалымат тактасы)
- Метрология, стандарттоо жана продукцияларды сертификаттоо

( мыйзам чыгаруу жана нормативдүү документтер, ченөө каражаттары: ангстрем, мирометр, нутрометр)

**Лабораториялар:**

- Тоют өндүрүшү (окуу , маалымат тактасы);
- Жашоо ишмердүүлүгүнүн коопсуздугу, экология жана эмгекти коргоо (демонстрациялык стенддер, басылма колдонмолор, компьютердик жана мультимедиялык жабдуулар) ;

-Мал чарба продукциясынын технологиясы (жаныбарлардын муляждары) ;

-Мал чарба продукциясын кайра иштетүү жана сактоо (бөлүктөргө бөлүүчү столдор жана инструменттер, муздатуу камералары, муздаткычтар,эт туурагыч, чалуучу машиналар, блендер, плита, меш, духовка шкафтары, миксер);

**Мастерскойлор :**

- Окуу-өндүрүштүк мастерскойлор
- Окуу-өндүрүштүк чарба

**Жалпы аймактар:**

- спорттук зал;
- кең профилдеги ачык стадион;
- китепкана (электрондук китепкана, интернетке кирүүчү окуу залы (1:1));
- аудитория;
- медпункт.

**35.** Бүтүрүү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан аныкталуучу орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоону өткөрүүнүн тартибин эске алуу менен орто кесиптик билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат

**1-тиркеме**

**Орто кесиптик билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү**

| **Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын түзүмү** | | **Негизги билим берүү программасынын көлөмү жана анын кредиттердеги окуу циклдери** |
|---|---|---|
| | | 1 жыл 10 ай |
| 1-блок | I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык жана табият таануу цикли<br>III. Кесиптик цикл | 99 |
| | Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 саат) | 3-5 семестр |
| 2-блок | Практика | 15 |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо | 6 |
| Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын көлөмү | | 120 |

**Тиркеме 2**

**Орто кесиптик билим берүүнүн**
**үлгү болуучу окуу планы**

**Адистиги**: 111401- “Зоотехния”
**Калификация**: Зоотехник
**Окутуунун ченемдик мөөнөтү**: 1 жыл 10 ай

| № | Окуу сабактардын аталышы (анын ичинде практикалар) | жалпы эмгек сыйымдуулугу | | жалпы эмгек сыйымдуулугу | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредит менен | Саат менен | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр |
| | | | | Жуманын саны | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1.** | **Жалпы гуманитардык илимдер цикли** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | x | x | | |
| | Орус тили | 2 | 60 | x | | | |
| | Чет тили | 2 | 20 | x | | | |
| | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | x | x | | |
| | Кыргызстан географиясы | 2 | 60 | | x | | |
| | Манас таануу | 2 | 60 | x | | | |
| | **Элективдүү бөлүгү** | 3 | 90 | | x | | |
| | **Бардыгы:** | 18 | 540 | | | | |
| | **Математикалык-табигый илимий цикл** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | x | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | | x | | |
| | **Элективдүү бөлүгү** | 2 | 60 | x | | | |
| | **Бардыгы:** | 6 | 180 | | | | |
| **3.** | **Кесиптик циклы** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык (милдеттүү) бөлүк** | **60** | **1800** | | | | |
| | Жаныбарлардын анатомиясы жана физиологиясы | **5** | **150** | x | | | |
| | Микробиология жана санитардык медицина | **4** | **120** | x | | | |
| | Зоотехниянын негиздери | **10** | **300** | | x | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Тоют өндүрүшүндөгү айыл чарбасынын биотехнологиясы | **4** | **120** | | | | х |
| | Айыл чарба өндүрүшүндөгү автоматташтыруу жана электирлештирүү, механизациянын негиздери | **4** | **120** | **х** | | | |
| | Зоогигиена (курстук иш) | **4** | **120** | | | **х** | |
| | Азыктандыруу жана тоют өндрүшү | **3** | **90** | | | **х** | |
| | Гинекология жана акушерство , жасалма уруктандыруу (курстук иш) | **5** | **150** | | | | **х** |
| | Мал чарба продукциясынын өндүрүш технологиясы | **3** | **90** | | | **х** | |
| | Мал чарба продукциясына көзөмөл жана баа | **2** | **60** | | | **х** | |
| | Мал чарба продукциясын кайра иштетүүдө алгачкы технология | **4** | **120** | | | **х** | |
| | Мал чарба продукциясын сатуу жана транспорттоо, сактоонун технологиясы | | | | | | **х** |
| | Ар түрдүү менчик чарбадагы башкаруунун түрдүү формалары | **3** | **90** | | | **х** | |
| | Экономиканын тармактары | **3** | **90** | | | **х** | |
| | Кесиптик ишмердүүлүктүн укуктук камсыздалышы | **1** | **30** | | | | **х** |
| | Жашоо ишмердүүлүгүнүн коопсуздугу | **2** | **60** | **х** | | | |
| | **Элективдүү бөлүк** | **15** | **450** | **х** | **х** | **х** | **х** |
| | **Бардыгы:** | **75** | **2250** | | | | |
| **4** | **Дене тарбия** | | **жумасына 2 саат** | | | | |
| **Блок 2** | **Практика** | **15** | **450** | | х | | х |
| **1** | Тоюттандыруу жана тоют өндүрүшү | | | | х | | |
| **2** | Зоотехнянын негиздери | | | | х | | |
| **3** | Зоогигиена | | | | х | | |
| **4** | Гиникология жана акушерство, жасалма уруктандыруу | | | | | | х |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **5** | Айыл чарба өндүрүшүндөгү автоматташтыруу жана электирлештирүү, механизациянын негиздери | | | | | | х |
| **6** | Мал чарба продукциясын кайра иштетүүдө алгачкы технология | | | | | | х |
| **7** | Өндүрүштүк | | | | | | х |
| **Блок 3** | **Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация** | **6** | **180** | | х | | х |
| | Сынактардын саны (максимум) | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | Курстук иштердин/долбоорлордун саны | **2** | | | | 1 | 1 |
| | **Негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүсүнүн жалпы иш ченеми** | **120** | **3600** | 30 | 30 | 30 | 30 |

(*) Дене тарбия жалпы иш ченемине кирбейт

(**) Практикалардын саны жана түрлөрү орто кесиптик окуу жайлардын кесиптиктеринин спецификасына карата берилет.

(***) Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация орто кесиптик окуу жайдын кароосу менен жүргүзүлөт